**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
## АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
## АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

---

# ТОКТОМ

**19-февраль 2026-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги IX сессиясынын № 9- токтому**

**Кыз-Көл айылдык кеңешинин 2025-жылдын 8-августундагы №5-токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу “Кыз-Көл Таза Аймак” муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Жээналиевдин сунушун карап жана талкуулап, Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгуу үчүн төлөнүүчү жыйым боюнча бир айына 200 (эки жүз) сом өлчөмүндө, ал эми мамлекеттик жана муниципалдык менчикте турган курулуштар, ишканалар жана мекемелердин таштандыларын ташып чыгуу үчүн бир айга 500 (беш жүз) сом өлчөмдө, жана ошондой эле жеке жана юридикалык жактар-ишкердик иши үчүн арналган имараттардын ээлеринин таштандыларын ташып чыгуу боюнча бир айына 500(беш жүз) сом өлчөмдө жыйым бекитилип берилсин.

2. Аталган токтом боюнча жарандарга маалымат берүү жана келишимдерди мыйзамдуу түзүү жагы “Кыз-Көл Таза Аймак” муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Жээналиевге жүктөлсүн.

3. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жумабаевге милдеттендирилсин.

**Төрага:** **К.Кушбаков**